Айдыңы арткан «Алтынкен»

# «Алтынкен» компаниясы Курман айт майрамына карата кайрымдуулук акциясын өткөрдү




***Курман айт – боорукерликтин, кайрымдуулуктун жана биримдиктин символу болгон улуу майрам. Бул ыйык күндөрдө адамдар бири-бирине жардам берип, муктаждарга кол сунуу аркылуу адамгерчилик сапаттарын даңазалашат. Ушул салтты бекем карманган «Алтынкен» компаниясы быйыл дагы Курман айт майрамына карата кеңири масштабдагы кайрымдуулук иш-чараларын уюштурду.***

Компания майрамдын алдында Кемин районундагы аз камсыз болгон 50 үй-бүлөгө жардам көрсөтүп, алардын майрамдык маанайын көтөрүүгө салым кошту. Бул демилге көп жылдан бери улантылып келе жаткан жакшы салттардын бири болуп саналат. «Алтынкен» компаниясы социалдык жоопкерчиликти жогору баалап, жергиликтүү калкты колдоону өз ишмердүүлүгүнүн маанилүү бөлүгү катары карайт.

Акциянын алкагында компаниянын кызматкерлери райондун бардык айыл аймактарын кыдырып, жардамдарды түздөн-түз ар бир үй-бүлөгө жеткиришти. Ар бир үй-бүлөгө 50 килограмм ун жана 5 литр өсүмдүк майы берилди. Бул азыктар майрамдык дасторкон даярдоодо чоң көмөк көрсөтүп, үй-бүлөлөрдүн кубанычын арттырды.

Мындан тышкары, ошол эле күнү «Алтынкен» компаниясынын Башкармалыгынын төрагасынын орун басары М.Т.Токтобаев турмуштук оор кырдаалга туш болгон компаниянын кызматкерлеринин үй-бүлөлөрүнө жолукту. Бул жолугушуулар жылуу маанайда өтүп, ар бир үй-бүлөгө материалдык гана эмес, моралдык колдоо дагы көрсөтүлдү.






Кыйын кырдаалда турган кызматкерлерге атайын азык-түлүк топтомдору даярдалып, аларга 20 килограмм эт, 25 килограмм күрүч, 25 килограмм кант жана 5 килограмм таттуулар тапшырылды. Бул жардам үй-бүлөлөрдүн күнүмдүк турмушун жеңилдетип, алардын майрамды татыктуу өткөрүүсүнө шарт түздү.

Аталган кайрымдуулук акциясы компаниянын жетекчилигинин демилгеси менен «Алтынкен – биримдүү үй-бүлө» деген ураандын алдында өткөрүлүп келет. Бул ураан жөн гана сөз эмес, компаниянын ички маданиятын жана баалуулуктарын чагылдырат. «Алтынкен» өз кызматкерлерин жана жергиликтүү калкты чоң бир үй-бүлө катары көрүп, ар дайым колдоо көрсөтүүгө умтулат.

Белгилей кетсек, бул долбоордун алкагында буга чейин 10 кызматкерге жардам көрсөтүлүп, алардын турмуш шартын жакшыртууга көмөк берилген. Компания мындай демилгелерди мындан ары дагы улантууну көздөйт.

Курман айт майрамы – кайрымдуулук менен боорукерликтин эң жогорку үлгүсү. Бул майрамдын мааниси «Алтынкен» компаниясынын жүргүзүп жаткан социалдык саясаты менен тыгыз айкалышып, Кемин районунун тургундарын ар тараптуу колдоого багытталган иштердин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Мындай иш-чаралар коомдогу ынтымакты бекемдеп, адамдардын бири-бирине болгон ишенимин арттырат. «Алтынкен» компаниясы келечекте дагы ушул багыттагы иштерин улантып, аймактын социалдык өнүгүүсүнө өз салымын кошо берет.



# «Алтынкен» компаниясы Кемин районунун балдары менен бирге

**Балдардын күлкүсү – бул дүйнөнүн эң таза жана жаркын үнү. Ар бир бала камкордукка, сүйүүгө жана бактылуу балалыкка татыктуу. Ушул баалуулуктарды жетекчиликке алган «Алтынкен» компаниясы жыл сайын 1-июнь – Балдарды коргоонун эл аралык күнүнө карата өзгөчө көңүл буруп, балдарга кубаныч тартуулоону салтка айландырган.**

Үстүбүздөгү жылы да компания бул жакшы салтын улантып, Кемин районунун балдары менен бирге майрамдык иш-чараларга активдүү катышты.





2026-жылдын 30-майында жана 1-июнунда «Алтынкен» компаниясынын Башкармалыгынын төрагасынын орун басары Марат Токтобаев баштаган өкүлдөр Кемин районунда уюштурулган майрамдык иш-чараларга катышып, балдарды куттукташты.

Майрамдык иш-чаралар өзгөчө жылуу маанайда өттү. «Нурмэайса» балдарды реабилитациялоо борборунун жетекчиси Гүлнара Кирибаева тарбиялануучулары менен конокторду ыр-бийлер менен тосуп алышты.

Борбордун тарбиялануучулары «Алтынкен» компаниясына арнап, дайыма жардамга келген ишенимдүү дос тууралуу ыр аткарышып, майрамга өзгөчө шаң кошушту.

Компаниянын өкүлдөрү Кемин районунун жана Орловка шаарынын жетекчилери менен биргеликте балдарды чын жүрөктөн куттуктап, аларга бекем ден соолук, жаркын келечек жана тынч асман каалашты. Майрамдын алкагында ар бир балага оюнчуктар жана таттуулар салынган белек топтомдору, ошондой эле чоң майрамдык торттор тартууланды.

1-июнда компания өкүлдөрү Кемин райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан уюштурулган өзгөчө балдар үчүн майрамдык иш-чарага да катышты. Бул иш-чарага райондун бардык айыл аймактарынан келген балдар жана алардын ата-энелери чогулушту. Майрамда райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары Асел Джуманалиева куттуктоо сөзүн сүйлөп, балдарга ак тилектерин жолдоду.

Өз кезегинде «Алтынкен» компаниясынын атынан Марат Токтобаев сөз сүйлөп, балдарды майрамы менен куттуктап, компания ар дайым балдарды колдоого даяр экенин белгиледи.

Компания тарабынан өзгөчө камкордукка муктаж болгон балдарга жана ата-энесиз калган балдарга өзүнчө көңүл бурулуп, аларга атайын белектер тапшырылды. Ар бир балага таттуулар жана жумшак оюнчуктар салынган, аба шарлары менен кооздолгон белек пакеттер берилди. Мындан тышкары, аталган балдардын үй-бүлөлөрүнө 50 килограмм ун жана 5 литр өсүмдүк майы жеткирилди. Балдар үчүн таттуу балмуздактар да тартууланып, майрамдык маанай дагы да көтөрүлдү.

«Алтынкен» компаниясы балдардын жүзүндөгү жылмаюуну эң чоң сыйлык катары көрөт. Компания келечекте дагы ушундай социалдык маанилүү иш-чараларды улантып, коомдун эң аяр катмары болгон балдарды колдоого өз салымын кошо берет.

Анткени ар бир бала – биздин келечегибиз. Ал эми балдардын бактылуу балалыгы – өлкөнүн жаркын келечегинин кепилдиги.

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,**
**“Кыргыз Туусу”**